Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдында уюуштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңеши, 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Сулайманова Рахат Токтогуловнанын «Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы»** деген темадагы диссертациясына, педагогикалык илимдердин доктору, профессор Алиев Шаршеналыдан берилген расмий аппоненттин

**П И К И Р И**

Р.Т.Сулаймановanын **«Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы»** деген темадагы доктордук диссертациясы менен толук таанышып чыгуудан кийин, томондөгүдөй пикирди белгилөөгө болот:

***1. Диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.*** Коргоого сунуш кылынган доктордук диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иште 13.00.0 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү, Кыргызстанда жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы процессин өркүндөтүү маселесине карата изилдөө жүргүзүлгөн.

***2. Иштин максаты катары:*** Кыргызстанда жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоонун теориялык негиздерин, практикалык жолдорун жана оркүндөтүү багыттарын аныктоо маселелери изилденген.

Мындай коюлган максатты толук ишке ашыруунун алкагында изилдөөгө алына турган төмөнкү *милдеттер алынган, алар*:

1. Педагогикалык кесипке даярдоого байланыштуу илимий булактарга талдоо жүргүзүү менен Кыргызстанда жаңы муундагы мугалимди даярдоонун илимий - теориялык зарылчылыгын далилдөө, *«жаңы муундун мугалими»* түшүнүгүнө аныктама берүү анын маани-мазмунун аныктоо, ЖОЖдордо педагогикалык билим берүү боюнча илимий - теориялык коз караштардын, жаңылантуу маселелеринин изилдениш багыттарын ачып корсөтүү.

2. Изилдөөнүн методологиялык негиздерин жана методдорун ачып көрсөтүү менен жаңы муундагы мугалимди даярдоонун теориялык моделин түзүү жана педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу.

3. Кыргызстанда педагогикалык билим берүү практикасынын калыптанышын, өнүгүшүн, учурдагы абалына талдоо жүргүзүү менен практикалык жакшыртуу жолдорун аныктоо.

4. Педагогикалык билим берүүнүн укуктук - ченемдик камсыздалышын, анын мазмунун аныктоочу документтерди талдоо аркылуу жаңы муундагы

Окум. катчы: [signature]

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМ. И. АРАБАЕВА
№ 4 «16» 02 2023

педагогикалык кадрларды даярдоону оркүндотүүнүн жаңы багыттарын аныктоо.

5. Жацы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоого багытталган моделинин жана педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун аныктоо боюнча эксперименттик иштердин мазмунун, уюштуруу жолдорун аныктоо менен практикага киргизүүлүүчү сунуштарды иштеп чыгуу.

***Натыйжалар***: Коюлган милдеттерге *(милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары, методдору ж.б.у.с.)* ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгү диссертациянын главаларында негизделген. Алсак, Кыргызстанда жаңы муундагы мугалимди даярдоонун илимий - теориялык зарылчылыгын далилдөө, *«жаңы муундун мугалими»* түшүнүгүнө аныктама берүү анын маани - мазмунун аныктоо, ЖОЖдордо педагогикалык билим берүү боюнча илимий - теориялык көз караштардын, жаңылантуу маселелеринин изилдениш багыттарын ачып көрсотүү маселелери диссертациянын биринчи главасындагы үч параграфта баяндалган. Андагы материалдарда: "Жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоо зарылчылыгы" (13 – 27 б.б.) деген аталыштагы параграфта дисертациялык теманын актуалдуулугу негиздүү баяндалса, кийинки эки параграфта "ЖОЖдордогу педагогикалык кадрларды даярдоо боюнча илимий теориялык көз караштар, аны жаңылантуу маселелери", анын ичинде Бул маселелердин Кыргызстанда изилдениши боюнча маалыматтар берилген (28-46, 47-67-б.б. ). Жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоо зарылчылыгы ***Жаңы муундагы мугалим*** деген аныктаманы жана анын бейнесиндеги негизги белгилерин дагы аныктоого алып келет, мындай аныктоо диссертацияда берилген (26-28-б.б.). Бул учурга байланыштуу төмөнкү эки айтылышты белгилей кетүү керек, алар:

*Я.А. Коменский: "Кийинки кылым, анда жашай турган болочок жарандар азыр кандай тарбияланып жаткан болсо, дал ошондой болот"*, - деп белгилесе, ал эми *Джон Дьюи "Эгер биз балдарды кечээкидей окута берсек, биз алардын келечегин уурдаган болобуз" – деп так жана даана айткан экен.*

Изилдөөнүн *экинчи милдетинин чечилиши*, илимий изилдөөнүн методологиясы, материалдары жана методдорун ачып көрсөтүү менен учурдагы абалга ылайык жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоонун моделин түзүү жана педагогикалык шарттарын аныктоо жолдору көрсөтүлгөн (Экинчи глава, 69-134-б.б.). Бул учурдагы маанилүү жагдайдын бири *Жаңы муундагы мугалимге берилген аныктама, анда:* – бул инсандык бийик деңгээлдеги сапаттарга жана кесиптик ар тараптуу компетенттүүлүктөргө ээ болгон, өз кесибине берилген, балдарды, мектепти сүйгөн, жоопкерчиликтүү, жаш муунга үлгү көрсөтө алган, ага жардамчы, кеңешчи болуу менен, жаңы билим берүү технологияларын жакшы өздөштүргөн, ишине так, убакытты туура пайдалана билген, чыгармачыл, өзүнүн үстүнөн иштеген, өнүгүүгө умтулган, бул процесске окуучуларды ийгиликтүү аралаштыра алган кесип ээси деп аныктоого болот.

Ал эми изилдөөнүн *3 жана 4-милдеттердин чечилиши үчүнчү главада*

*каралган.* Анда, Кыргызстандагы педагогикалык кадрларды даярдоонун калыптанышы, эгемендүүлүк мезгилиндеги өнүгүшү изилденип, кесипке даярдоонун бүгүнкү күндөгү абалына, педагогикалык билим берүүнүн укуктук-ченемдик камсыздалышына, анын мазмунун аныктоочу документтерге талдоо жүргүзүү иштери аткарылган. Педагогикалык билим берүүнүн абалына талдоо жүргүзүү иштери учурда жалпы 73 окуу жайы болсо, алардын 30унда педагогикалык адистерди даярдоо ар кандай деңгээлде ишке ашырылып жаткандыгын, педагогикалык кадрларды даярдоо бул ишмердүүлүктү мурдатан жүргүзүп келген борбордук жана аймактык окуу жайларда өз активдүүлүгүн жоготпой келе жатканы белгиленет. Биздин өлкөдөгү педагогикалык билим берүүсүн модернизациялоо процесси педагогикалык билим берүү системасындагы аныкталган өзгөрүүлөрдү тескөөчү жана аны андан ары өнүктүрүүгө негиз болуучу тиешелүү укуктук-ченемдик жактан камсыздоо, б.а. билим берүү процессин уюштурууну тескөөчү жана жөнгө салуучу документтердин жыйындысы толук талдоого алынган (137-208-б.б.).

*Диссертациянын төртүнчү главасы* педагогикалык экспериментти жүргүзүү жана анын натыйжаларына талдоо иштерине арналган. Анда, жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоо боюнча эксперименталдык иштердин процедурасы, педагогикалык кадрларды даярдоону уюштуруу, анын мазмуну жана технологиялары, педагогикалык кадрларды даярдоонун натыйжалуулугун текшерүүнүн жыйынтыктары чагылдырылып, практикага киргизүү боюнча сунуштар берилген. Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарын ишке ашыруу жана анын жыйынтыктарын олчөө негизги кесиптик дисциплиналарды окутуу процессинде, сабактан тышкаркы учурларда жана практика учурунда, ал эми мектеп мугалимдери менен кесипти жогорулатуу, тажрыйбаны кеңейтүү, кесипке мотивация берүү иштери жайкы мектептерди уюштуруу, көчмо семинар-тренингдерди уюштуруу процессинде жүргүзүлгөн. Калыптандыруучу эксперимент 2 багытта: ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринин студенттеринин арасында жана жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдеринин арасында өткөрүлгондүгү негизделген.

***3. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.*** Кыргызстанда жаңы муундагы мугалимди даярдоонун зарылчылы, анын илимий -теориялык жана практикалык негиздерин иштеп чыгууга арналган изилдөө азаркы учурдун эң актуалдуу маселесинин бири. Анткени, изилдоодо белгиленген: заманбап коомдун өзгөрүшү, адам ресурсуна болгон талаптын осүшү келечек муунду демилгелүү жана жоопкерчиликтүү жарандар катары жетиштире ала турган жаңы муундагы мугалимдерди даярдоону талап кылып олтурат. Бүгүнкү күндө педагогикалык билим берүү системасынын негизги максатын, милдеттерин жалпы стратегиясын кайрадан карап чыгууну талап кылган факторлор катары коомдук социалдык-экономикалык шарттардын түп тамырынан бери жаңы система менен алмашуусу, бүткүл дүйнөнү каптаган ааламдашуу процессиндеги адамдардын, өзгөчө жаштардын дүйнө таанымынын өзгөрүшү, дүркүроп өсүп бара жаткан технологиялык

чакырыктар ж.б. менен шартталып турган кези. Ушуга байланыштуу жаңы муундагы педагогдорду даярдоо маселеси өтө актуалдуу болуп, анын негизги милдети катары мамлекеттин жана коомдун койгон талаптарына шайкеш келген, өзүн-өзү тааныта билген, базар экономикасы шартындагы атаандаштыкка туруштук бере ала турган болочоктун жигердүү инсандарын тарбиялоо алдыңкы орунда турат деп ишенимдүү айтууга болот. Ошондуктан *диссертациянын темасынын актуалдуулугунда толук негиз бар айта алабыз.*

***4. Изилдөөдө алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.***

1. Педагогикалык кесип түшүнүгүнүн азыркы коомдогу маңызы ачыкталып, жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоо зарылчылыгы далилденип, «жаңы муундун мугалими» түшүнүгүнүн аныктамасы берилип, ЖОЖдордо педагогикалык кадрларды даярдоонун, аны жаңылантуунун теориялык негиздери, кыргызстандык окумуштуулардын салымы аныкталды.

2. Изилдөөнүн методологиялык негиздерин жана методдорун ачыктоо менен жаңы муундагы мугалимди даярдоонун теориялык модели сунушталып, педагогикалык шарттары иштелип чыкты.

3. Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун практикалык тажрыйбасынын калыптанышы, өнүгүшү, бүгүнкү күндөгү абалы талдоого алынып, кыргыз педагогдорунун салымы аныкталып, аларды тажрыйбага киргизүү жолдору аныкталды.

4. Педагогикалык билим берүүнүн укуктук-ченемдик жактан камсыздалышы ачыкталып, билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтерди талдоонун негизинде жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоону өркүндөтүүнүн негизги багыттары көрсөтүлдү.

5. Жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоонун иштелип чыккан моделинин жана педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилип, практикага киргизүүлүүчү сунуштар иштелип чыкты.

***5. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.*** Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжаларды Кыргыз Республикасында жаңы муундагы педагогдорду даярдоонун стратегиясын иштеп чыгууда, илимий-теориялык негиздерин, практикалык жолдорун аныктоодо багыт берүүчү каражат катары колдонууга болот. Изилдоөнүн жыйынтыктары педагогикалык багыттагы адистерди, бакалаврларды, магистрлерди, аспирантурада илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун теориялык жана практикалык мазмунун, нормативдик базасын байытууга мүмкүндүк түзө алат. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжаларды, тажрыйбаларды Кыргыз Республикасында жаңы муундагы педагогдорду даярдоо максатында мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарында колдонууга боло тургандыгы негизделген.

***6. Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулду.*** Изилдөөнүн натыйжалары 27 басылмада жарык көргөн, анын ичинде эки окуу куралы жана типтүү программа бар, алар:

1. Сулайманова, Р.Т. Дидактика [Текст]: ЖОЖдун студенттери үчүн окуу куралы / Н.А. Асипова, А.С. Раимкулова. / Р.Т.Сулаймановanын жалпы редакциясы астында. - Б.: «Турар», 2009. – 190 б.

2. Сулайманова, Р.Т. Педагогика. [Текст]: ЖОЖдун студенттери үчүн типтүү программа / Р.Т. Сулайманова, А.С. Раимкулова. – Б., 2009. – 17 б.

3. Сулайманова, Р.Т. Жалпы педагогика. [Текст]: ЖОЖдун студенттери үчүн окуу куралы / Р.Т. Сулайманова, Н.А. Асипова, А.С. Раимкулова.–Б.: Ж. Баласагын атындагы КУУнун басмаканасы, 2010. – 165 б.

***7.Диссертациянын материалдарынын реализацияланышы***
(внедрение)

Изденүүчү Р.Т. Сулаймановanын изилдөө иштеринде алынган айрым натыйжалар болочокто жаны муундагы кадрларды даярдоого колднууга болот, алсак:

- жаңы муундун педагогикалык кадрларын даярдоонун теориялык модели (2.2.чийме, 116-119-б.б.);
- жаңы муундун мугалиминин модели (2.3.чийме, автореф.21-22-б.б.);
- жаңы муундун мугалиминин даярдоо коомдун өнүгүү талабына жооп берет жана ал социалдык – экономикалык эффектүүлүккө алып келе алат.

***8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.*** Изденүүчү Р.Т. Сулаймановanын автореферaты анын диссертациясынын мазмунуна толугу менен жооп берет жана андагы коюлган максаты, аны ишке ашыруунун милдеттери автордун негизги илимий – методикалык идеаларын чагылдырып турат.

***9. Айрым мүчүлүштөр:*** Диссертация менен таанышуудан кийин төмөнкү мүчүлүштөрдү белгилөөгө болот, алар:

* Изилдоөнүн кириш бөлүмүндө кыргызстандык дээрлик көпчүлүк изилдоочүлор аталып көрсөтүлгөн. Биздин пикирибизде алардын баарын атабастан, ушул меселеге түздөн-түз тиешеси бар авторлорду көрсөтүү жетиштүү болмок деген ойдобуз.

* Жаңы муундун мугалиминин даярдоо процессин изилдөөнү жалпы маселе менен катар конкреттүү бир предметтик мугалимди даярдоо шартында эксперименттик байкоо жүргүзүлсө дурус болмок беле.

* Диссертациянын жалпы тексинде айрым техникалык мүчүлүштөр кетирилген, алар диссертациянын өзүндө белгиленди.

Бул белгиленген мүчүлүштөр диссертациянын изилдөөлөрүндө алын негизги натыйжаларына таасир этпей тургандыгын дагы белгилеп кетүүгө болот.

***10. Корутунду.*** Сулайманова Рахат Токтогуловнанын **“Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы”** деген аталыштагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын диссертациялык

изилдөөлөргө коюлуучу талаптарынын 9 пунктуна ылайык келген, өз алдынча аткарылган илимий-практикалык жана мааниси жогору изилдөө иши катары баа берүүгө болот.

Ал эми изденүүчү Сулайманова Рахат Токтогуловна 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептейм.

***Расмий оппонент,***
***педагогика илимдеринин доктору:*** **Ш.А. Алиев**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Педагогика илимдеринин доктору, профессор Ш.А. Алиевдин колун тастыктайм.

Кадрлар бөлүмүнүн башчысы: Бердалиева Г.Ш.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ